**УДК 82**
**DOI 10.58649/1694-8033-2023-1(113)-78-89**

**ГАПАРОВ С. С.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**ГАПАРОВ С. С.**
КНУ им. Ж.Баласагына
**GAPAROV S. S.**
KNU J. Balasagyn

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМИНЕ ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕР, ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИНИН ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР ЖУМАГУЛОВ МААМЕТАЙЫП

ЗАСЛУЖЕННЫЙ ДЕЯТЕЛЬ НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ, ДОКТОР ФИЛОСОФСКИХ НАУК, ПРОФЕССОР ЖУМАГУЛОВ МААМЕТАЙЫП

HONORED SCIENTIST OF THE KYRGYZ REPUBLIC, DOCTOR OF PHILOSOPHY, PROFESSOR ZHUMAGULOV MAAMETAYYP

**Аннотация:** Бул макалада Мааметайып Жумагуловдун илимий наамы: профессор, илимий багыты философиялык илимдер, аймак: Кыргызстан "Белгилнҥ окумуштуулар" Энциклопедиясынын катышуучусунун сертификаты, өмнҥр жолу автобиографиясы жазылган. Ошондой эле философия илимдеринин доктору, профессор Мааметайып Жумагуловдун жарыяланган илимий эмгектеринин тизмеси жарык көргөн. Бул макалада Билим бернҥ жана таалим-тарбия тармактарындагы философиянын жана мамилелердин пайда болушу, философия деген сөз кайдан чыккан, философия коом турмушуна, адам жашоосуна кандай кызмат көргөзөт ошолор жөннҥндө жазылат. XXк. онтология олуттуу өзгөртнҥлөргө учурап өзгөчө өрчнҥп өннҥктнҥ. Э.Гертман, М.Хайдаггер өнднҥ даңазалуу ойчулдар өз салымын кошушту. Натыйжада эски онтология жаңы онтологияга деген байланышты ажыратуу келип чыкты. Эгер эски онтология буюмдар днҥйнөснҥ материалдык днҥйнө менен чектелсе, жаңы онтология реалдуулук тнҥшнҥннҥгнҥн кеңейтип ага адам рухун, ой санаасын, дух тажрыйбасын кошуп карай баштады.

**Аннотация:** В этой статье представлены сведения о ученом звании мааметаыпа Жумагулова: профессор, научное направление философские науки, регион: Кыргызстан Участник энциклопедии "известные ученые", написал автобиографию. Также опубликован список опубликованных научных работ доктора философских наук, профессора Мааметайыпа Жумагулова. В этой статье будет рассказано о возникновении философии и отношений в области образования и образования, откуда взялось слово философия, какие услуги философия оказывает жизни общества, жизни человека. XXк. онтология развивалась особенно интенсивно, претерпевая значительные изменения, великолепные мыслители, такие как Э.Гертмана М.Хайдаггер, внесли свой вклад. В результате происходит разделение старой онтологии на новую онтологию. Если старая онтология ограничивала мир вещей материальным миром, то новая онтология расширяла понятие реальности, добавляя к нему человеческий дух, мысли, духовные переживания.

**Annotation:** This article presents information about the academic title of Maametayp Zhumagulov: professor, scientific direction of philosophical sciences, region: Kyrgyzstan is a participant of the encyclopedia "famous scientists", wrote an autobiography. The list of published

scientific works of Doctor of Philosophy, Professor Maametayip Zhumagulov has also been published. This article will tell about the emergence of philosophy and relations in the field of education and education, where the word philosophy came from, what services philosophy provides to the life of society, human life. Xxx. ontology has developed especially intensively, undergoing significant changes, great thinkers such as E. Gertman and M. Heidagger have contributed. As a result, the old ontology is divided into a new ontology. If the old ontology limited the world of things to the material world, the new ontology expanded the concept of reality, adding to it the human spirit, thoughts, spiritual experiences.

**Негизги сөздөр:** маданият, элдик ҥрп-адат, мыйзам, философия, коом, гносеология, жҥрҥм-турум, ой жҥгҥртҥҥ

**Ключевые слова:** культура, народный обычай, закон, философия, общество, эпистемология, поведение, мышление

**Keywords:** culture, folk custom, law, philosophy, society, epistemology, behavior, thinking

**Илимий даражасы:** философия илимдеринин доктору

**Илимий наамы**:Профессор

**Илимий багыт**: философиялык илимдер

**Аймак**: Кыргызстан

"Белгилҥҥ окумуштуулар" Энциклопедиясынын катышуучусунун сертификаты Мааметайып Жумагуловту эскерҥҥ менин тагдырыма тура келди. Анткени 1985-жылдан баштап 1991-жылга чейин кайра куруу кылымдын тогошконун XX кылым бҥтҥп, XXI кылымдын 23-жылын да жашап жатабыз. 1991-жылдан баштап, 1998-жылдары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик окуу жайында философия сабыгынан философия адистигинин кыргыз группаларга мен, орус группаларына Мааметайып Жумагулов сабак өтө баштады. Ошол жылдардан баштап жакындан тааныш болуп чогуу иштеше баштадык.

Кесиптеш болуп, жашоодо жана илимий педагогикалык иштеги ийгиликтердин жолун ҥйрөнҥп, таалим тарбия процесси, коюлган максаттары менен милдеттерин философияны окутуунун методикасы боюнча мугалимдин ишмердҥҥлҥгҥн өркҥндөтҥҥ мен ҥчҥн жашыруун эмес.

Коомдо кесиптештерим ортосундагы мамилелерди Мааметайып Жумагуловдон, Рахат Ачыловадан тҥздөн-тҥз алган тарбияларым да болду. Айта кетсем, улуу экендигине карабастан, мен маршруткага тҥшҥп, ҥйҥмө жылып кеткенге чейин карап турчу. Жакшылык менен жамандык, адилеттҥҥлҥк, абийирдҥҥлҥк, милдеттҥҥлҥк жана ушул сыяктуу жакшы сапаттарга ҥйрөтө алышты.

Айта кете турган нерсе, Мааметайып Жумагулов студенттерди окутуу процессин инсандын жеке өзгөчөлҥгҥнө багыттоо, ошол эле учурда студенттин эмоционалдуу-психологиялык абалын оң жакка буруп, алардын билимге ээ болуу муктаждыгын кызыктырып, жолго салып, уюштуруп өзҥнө тартып өтөөр эле.

―Бытия‖ жөнҥндөгҥ окуусуна катышып, адамдын ой жҥгҥртҥҥсҥн, тҥшҥнҥҥсҥ жөнҥндөгҥ изилдөөлөрдҥ Кыргызстандык окумуштуулардын көз жаздымында калган эмес. Мисалы, ой жҥгҥртҥҥнҥн жалпы мҥнөздөмөлөрҥ образдуу ой жҥгҥртҥҥ менен абстрактуу ой жҥгҥртҥҥнҥн өзгөчөлҥктөрҥ ойлоо психологиялык катарында ой жҥгҥртҥҥнҥн гносеологиясы таанып билҥҥ ж.б. Философиянын алкагында кандай проблема карабасын, анын талданышынын жана чечилишин философтун онтология жаатындагы позициясына, көз

карашына ылайык жүзөгө ашат. Демек, онтология – философиянын фундаменти, пайдубалы. Бул аң-сезимдин сыры, табияты студенттердин билимдеринин системасынын структуралык элементтерин аныктоого көз каранды дейт Мааметайып Жумагулов.

Өзү физик болгондуктан табигый билимде логикалык-генетикалык жоо, гносеологиялык талдоо жүргүзүү, илимий түшүнүктөр, закондор, теориялар, изилдөө методдору, билимдерди пайдалануу. Мында негизги илимий түшүнүктөрдү өздөштүрүүгө таандык. Илимий түшүнүктөрдү өздөштүрбөй туруп, илимий закондорду же теорияларды өздөштүрүү мүмкүн эмес. Анткени, закондор илимий түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштарды көрсөтөт, ал эми теория түшүнүктүн өнүккөн формасы болуп эсептелет. Аң-сезимдин философиялык теориясын шарттуу түрдө когитология депатоону сунуштайбыз. Адам дүйнөнү кантип таанып билет? Билим кандайча куралат да, кандайча өзгөрүп, өнүгөт? Дүйнөнү таанып-билиштин жол, ык, каражат, чеги кандай? деген сыяктуу суроолорго гносеология жооп издейт.

Жумагулов Мааметайып, 24-жылы 1949-июнда Кыргыз ССРинин Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Кара-Бүргөн айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1956-жылдан 1966-жылга чейин Ак-Талаа районунун М.В. Ломоносов атындагы орто мектебинде окуган.

1996-жылы Пржевальск мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетине тапшырып, 1970-жылы "орто мектептин физика мугалими" квалификациясын ыйгаруу менен артыкчылык диплому менен аяктаган. Кыргыз ССРинин билим берүү министрлигинин багыты боюнча 1970-жылдан 1973-жылга чейин жогоруда аталган институттун философия жана илимий коммунизм кафедрасынын окутуучусу болуп иштеген. 1973-1976-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинде күндүзгү аспирантурада окуган. СССРдин 50 жылдыгы адистиги боюнча 09.00.01-диалектикалык жана тарыхый материализм.

1976 - жылдын июлунан тартып азыркы учурга чейин эмгек, илимий-изилдөө иши Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук институту менен тыгыз байланышта. 1976-1991-жылдары Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Философия жана укук институтунда кенже, улук жана жетектөөчү илимий кызматкер болуп иштеген. 1992 - жылдан азыркы учурга чейин мурда аталган - "экологиянын философиялык маселелери" бөлүмүнүн башчысы, андан кийин Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун Гносеология жана социалдык экология бөлүмүнүн башчысы, азыр Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Билим теориясы, тарых жана илим философиясы бөлүмүнүн жетекчиси болуп саналат. 1978 - жылы кандидаттык диссертациясын, ал эми 1994-жылы философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациясын жактаган. 1997-жылы профессор наамы менен бекитилген. Азыркы учурда 300дөн ашык эмгектин автору, анын ичинде 6 жеке, 5 биргелешкен, 7 жамааттык монография жана 2 окуу китеби, 5 окуу-методикалык окуу куралы жана жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо менен алектенет. Анын жетекчилиги астында 3 доктордук жана 28 кандидаттык диссертациялар корголгон, 2 кандидаттык диссертация коргоого берилген. Илимий-изилдөө иштери педагогикалык иш менен айкалышат. 1989-жылдан 1995-жылга чейин айкалыштырып иштеген КТУ философия кафедрасынын доценти, профессордун милдетин аткаруучу. И.Раззаков, 1995-2002-жылдары КМПУнун философия,

экономикалык теория жана маданият таануу кафедрасынын профессору. И.Арабаева. 2000-жылдан 2012-жылга чейин кафедра жетектеген, азыркы учурда КМКТАУнун философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын профессору. Н.Исанова. Ийгиликтнн илимий-педагогикалык ишмердиги нчнн Ч.Айтматов эл аралык коомдук академиясынын академиги, Ысык-Көл Мамлекеттик Университетинин Ардактуу профессору болуп шайланган. К. Тыныстанов, КМКТАУ аларга. Н. Исанов, Талас мамлекеттик университети. Республиканын, КР УИАнын илимий жана коомдук турмушуна активднн катышып, катышып келет. 1997 - жылдан тартып КР УИАнын философия жана укук институтуна караштуу философия илимдери боюнча доктордук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча Диссертациялык кеңештин мнчөсн, окумуштуу катчысы, КР Мамлекеттик интеллектуалдык жана патенттик кызматынын гуманитардык илимдер боюнча эксперттик кеңешинин мнчөсн, 2008-жылдан эксперттик кеңештин мнчөсн, ал эми 2013-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын президиумунун мнчөсн болгон. Философиялык илим жаатындагы сиңирген эмгеги нчнн "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" ардак наамы ыйгарылган (2006-ж.), "КР Ардак грамотасы" "КР УИАнын илимге эмгек сиңирген кызматкери" ( 1999-ж.) белгиси менен сыйланган.

«Философия» деген сөз элдин баарына маалым. Ар бир сабаттуу адам анын маанисин тнкшнмөл билет. Ал эми бул тншнннктнн мазмунун тактай келгенде ар ким ар башка чечмелеп, тнркнн ой-пикирге дуушар болобуз. Философиянын маңызы, кылган кызматы, камтыган маселелери боюнча талаш-тартыш чыгып, ар позициянын өзнnө тиешелнн ылайык көрннгөн, жөнднн угулган жнйөөлөрн, аргументтери айтылат.

Мындай талаш илгертен келе жаткан нерсе. Сөзднн накта маанисинде «философия деген эмне?» деген суроону талдай баштаганда аны тнзгөн акылмандардын, аны кесип туткан адистердин арасында ар кыл тншнннк бар экенине кнбө болобуз. Муну айтылуу немец философу И.Кант (XVIII к.) «философтордун чатагы» деп атаган.

*Рим императору даанышман М.Аврелий (II к.) айткан экен: убакыт эмне экенин билем. Бирок «убакыт деген эмне?» деп сурап калышса эле билбей калам*

Бир чети бул табигый көрннш. Философиянын табияты өзн ошондой. Бирок, экинчи чети, кат таанып, калем кармагандардын баары эле «философия» дегенде сөз кайсы багытта бара жатканын боолголоп болсо да тншнөт. Китеп же макаланы барактай баштасак, анын философияга тиешеси барбы же жокпу-көп кыйналбай эле аныктаганга алыбыз жетет. Демек, билимдин, ой-пикир, көз караштын ушул тнрнн (тибин) башкаларынан айрымалап, өзгөчөлөнтнп турган бөтөнчө бир касиеттери, белгилери бар. Ошолордун негизинде «философиялык текстти» физикага же биологияга тиешелнн тексттен ажыратып таба алабыз.

Ал эми философияны окуу жайында нйрөтнлчн сабак, дисциплина катарында караганда жагдай ого бетер жеңилдей тншөт. Себеби, бул жаатта нечен кылымдар бою калыптанып келе жаткан каада-салт, традиция бар. Окуу программалары, окума китептер колдонулат. Философияны кимдин кайсы деңгээлде билерин, тншнөөрнн аныктай турган чен-өлчөмдөр, атайын бир суроо-талаптар ырасталып чыккан. Демек, ушул мааниде философиялык ой-санаанын чек арасын, ал камтыган аймакты ажыратып караса болот.

Азыркы учурдагы таалим тарбия процесси, философторчо ой жнгнртнннн эптерин-ыктарын өздөштнрсөм деген киши айтылуу даанышмандардын эмгектерине, трактаттарына, мурастарына кайрылганы оң. Сууга тншмөйнн снзгөндн нйрөнө албайсың. Бирок, адегенде окумадан («учебное пособие», «учебная литература» деген мааниде) баштаган жеңил. Анда философиянын маани-маңызы, ага тиешелнн маселе, проблемалар тууурасында жалпыланган,

жөнөкөйлөнгөн маалымат, тҥшҥндҥрмө берилет. Аны өздөштҥргөн соң философиянын баш тегеретken, көңҥл эргиткен кыл чокусуна кол созуп, не бир кызык, не бир тан .) каларлык дҥйнөсҥнө ишенимдҥҥ кадам ташташ оңой болот.

Ошол эле учурда студенттер бийик максат, терең маани менен катар жарым жыл, бир жылдан соң жолунда экзамен кҥтҥп турганын эсинде тутканы жөн…

Кийинки учурда бири биринен айырмалоого татаал болгон окшош өңдҥҥ тҥшҥнҥктөр пайда болду. Бир караганда биз кҥндөлҥк турмушта урунуп жҥргөн тааныш, көнҥмҥш сөздөр. Философ деле эл катары сҥйлөп жаткандай. Ал эми маанилеп талдай келсек, философиянын тилин тҥз, көнҥмҥш адатта тҥшҥнҥш адаштырып коюшу ыктымал. Ошондуктан, демейки эле сөздҥн философиялык мазмунунун таасындап, туура табышка аракет кылганыбыз эп. Кыргыз тилинде философиялык терминология бекем калыптанып, өз кыртышын толук таба элегин эске алсак, тил маселеси ого бетер курчуйт. Бирок, адам алы жетпеген нерсе жок.

**«Баары сөздөн башталган». («Библия»).**

«Философия» - байыркы грек сөзҥ: «фил» - «сҥйҥҥ», «жактыруу», «умтулуу», «ызат-сый», ал эми «софия»- «акылмандык», «даанышмандык» (мудрость) дегенди тҥшҥндҥрөт, демек, акылмандыкка умтулуу, акылмандыкты урматтоо дегенди туюнтат. Бул сөз биздин эрага чейинки VI кылымда Байыркы Грецияда колдонула баштаган. Ошондон бери ушул маанисинде билимдин, илимдин, ой-тҥшҥнҥктҥн өзгөчө бир тҥрҥн билгизип келе жатат.

Бул маанинин төркҥ, теги кандай? Астрономия, математика же физиканы «акылмандык» десе болбойбу? Эмне ҥчҥн адистердин, изилдөөчҥлөрдҥн бир катмары-философтор «акылмандыкты» өз энчисине ээлеп алган? Маселен ааламдын ачкычы физика деп турат Ейнштейн.

Байыркы Грецияда билим (знание) адамзат тарыхында өзҥнҥн бөтөнчө маанисин кҥтҥп, өзгөчө статус (орун) алган, Мурун ал практиканын же ритуалдын тутумунан орун ээлеп, колдонмо (прикладной) мҥнөздө болсо, байыркы грек маданиятынын алкагында өзҥнчө баа-барк алган.

Ошондой эле, философия да бөтөнчө рух практикасы, билимдин өзгөчө тҥрҥ, ойломдун (мышление) айрыкча бир жолу- ыгы катарында өзҥнө энчиленген предметти тактап, аныктап келе жатат. Диндин, искусствонун же физиканын, кибернетиканын арасында өз ордун ээлешке аракет кылыштан жазган жери жок.

Натыйжада философиянын ар кыл «теориясы», анын табиятын, маани-маңызын, кызмат-вазийпасын ар кандай тҥшҥндҥрҥҥ көнҥмҥш нерсеге айланды. Атҥгҥл өзҥн «философ» атагандар, аткарып жаткан иш-кызматын «философия» эсептегендер бул суроону талдаганда бир пикирге келе албай, кээде бири бирине карандай карама-каршы турган позицияны ээлегени бар.

XIX кылымда табигый илимдердин дҥркҥрөп өнҥгҥшҥ өнөр жай өндҥрҥшҥнҥн өсҥмҥнө алып келди. Ошондуктан, «философия деген эмне?» же анын табияты, маңызы туурасындагы суроо өзгөчө теориялык, методологиялык проблемага айланып, анын тегерегинде илгертен кызуу талаш- тартыш жҥрҥп келе жатат. Ал эми кийинчерээк, XX кылымдын аягында бул проблеманы иликтеген тармак, ага атайы арналган эмгектер **«метафилософия»** (философиядан өйдө, анын ҥстҥндө турган деген мааниде) атала баштады. Башкача айтканда, муну «философиянын теориясы» же «философия жөнҥндөгҥ философия» деп тҥшҥнгөнҥбҥз эп. Ар бир мугалимдин монологу эмес, диалог негизинде уюштурат.

Ар бир философ өзүнүн теориясын, окуусун «философия деген эмне?» деген суроодон баштайт. Муну адистик (профессионалдык) парзы катары эсептейт. Ар бир философиялык агым, багыт адегенде ушул суроонун жообун тактоодон жол алат. Бул буйтап өтүүс талап-милдет катарында каралат. Чыгаан даанышман-акылкөйлөрдүн чыгармаларын сыдыра карасаңар, алардын арасынан сөзсүз «философия деген эмне?» (же ушуга жакын) деп аталган эмгегин табасыңар. Бул суроодон улам келип чыккан ой-пикир, көз-караш, концепция, идеялар **метафилософия** катмарын түзөт.

Эми «философия» деген түшүнүктүн мазмуну кайсы? Анын маанисин кандай түшүнсөк туура болот? - ушуга өтөлү.

Башында эле макулдашып алчу нерсе-философиянын элдин баары туура тапкан, адистердин баарынын купулуна толгон, кайсы заманды кайсы аймакты албайлы, баарына орток эсептелген жалпы, универсал аныктамасы жок. Менимче, болушу да күмөн.

Философия - бул **илим**. Мунун жөн-жайы философияны илим эмес, **искусство** катары баалашка, тагыраак айтканда, илимге караганда искусствого жакын деп эсептешке (Киркегор, Шопенгауэр1, Ницше) байланышкан. Философтордун басымдуу көпчүлүгү (Аристотельден баштап, Гегель, Гуссерльге чейин) өз эмгектерин, изилдөөлөрүн илимге киргизген. Себеби, «так илимдерге» (математика, физика, химия ж.б.) мүнөздүү белгилерге толук ээ болбогону менен философия гуманитардык илимдердин катарында теориялык билимге тиешелүү талаптарга кадыресе ылайык келет. Философиянын өзүнүн маани-маңызына, милдет-кызматына жараша түшүнүк, категорияларынын системасы, далилдүү концепция, теориялары, изилдөө методдору, өзгөчө «тили» бар.

Ушундан улам философия **«жалпы дүйнө»** (мир в целом), **«абстракциялар»** (жалпы түшүнүктөр) жөнүндөгү илим, баарына тиешелүү касиет (всеобщее), **абсолют2** туурасындагы өкүм деп да эсептелет.

Албетте, эгер философиянын тарыхын барактасак, бай адабиятты кеңири иликтесек маани-мазмуну жагынан бири-бирине окшобогон дагы көптөгөн аныктамаларды табабыз. Алардын арасында «кызык» көрүнгөн, «экзотика» туюлгандары да кезигет. Айталы, «философия **- бул өлүм өнөрү»** (исскуство умирать).

Философ деген ким? Бул «өзүнүн билбегенин билген», маекти өнөргө айландырып, сүйлөшкөн кишисинин ой- түшүнүгүн суроолору аркылуу курчуткан, байыткан, жаштарга бийик таалим- тарбия берген, акылдын азабын тартып, уу ичип жан кыйышка аргасыз болгон **Сократ1.**Бул башкалардын оюна да келбеген нерселерден улам санаа чегип, «Кулан байкуш кантти экен» деп, жан-жаныбарлардын көргөн күнүн ойлоп, азап тарткан **Асан кайгы.**

**«Теориялык философия»** - бул окуу, илим, белгилүү бир принциптердин, закондордун, категориялардын, концепциялардын, теориялардын тутуму, системасы. Ал китеп, трактат, макала түрүндө элге жайылат. Адамзаттын баскан жолуна назар бурсак, мындай философия байыркы гректер тарабынан энчилүү атын алып, билим чөйрөсүндө өз ордун таап, кийин мектеп, академия, университеттерде окутулуп, илим - теория жолу менен өнүгүп, өркүндөй баштаган. Ага берилген, аны кесип тутуп, атайлап ага кызмат кылган, ушул тармакка «адистешкен» кишилер чыккан. Белгилүү бир калыпка түшүп, белгилүү бир каада-салт күткөн, традиция түзүлгөн. «Теориялык философия» бардык элде өрүш алган эмес жана бардык жерде бир кылка өнүккөн эмес.

Ал эми **«табигый философиянын»** жөнү башка. Ар бир элдин, ар адамдын философиясы болот. Дүйнө эмне үчүн ушу турпатында түзүлгөн? Башкача болушу мүмкүнбү? Ким курган да, ким башкарат? Качан жаралган да, качан бүтөт? Бул дүйнөдө

адам баласы кантип жашап жатат? Эмне ңчңн ушундай, башкача эмес? Өмңр деген эмне, өлңм деген эмне? Ак менен караны, жакшы менен жаманды кантип ажыратабыз? Бул өңдңң суроолорду эч ким буйтап, айланып өтө албайт. Ар адамдын жолунда жолборстой комдонуп кңтңп жатат. Эртеби, кечпи кезигет, көппң же азбы, санаага салат. Бирок бул суроолорго кезикмейин, алардын «тегирменинен» өтмөйңн адам адам болбойт. Ушул мааниде ар элдин өз философиясы бар. Ал макал-лакап, ыр- жомок, санжыра, аңыз-кеп, уламыш тңрңндө жашайт.

Ушул маселеге кызыккандар Асылбек Алтымышбаев, Баатырбек Аманалиев, Азиз Салиев, Аскар Какеев, Рахат Ачылова, Кусеин Исаев, Азиз Нарынбаев, Шайлоо Акмолдоева, Өскөн Козубаев, Мааметайып Жумагулов, Аскар Бекбоев ж.б. бир катар илимпоздордун эмгектерине, журналист - жазуучу Чоюн Өмңралиевдин «Теңирчилик» аталган китебине кайрылса, көптөгөн кызыктуу материал табат.

Философиянын маани-маңызын тактоодон улам «философия бирөөбң же көппң»? деген суроо туулушу толук ыктымал. Албетте, философия көп тңрлңң. Ар мезгилдин, ар жердин өзгөчөлңгңнө ылайык, угут алган булагына, азыктанган аңызына жараша көз караштар, ой-санаалар ар кыл формада, ар кандай жол менен туюнтулуп, айтылып келген. Ошонун аркасында тңркңн «измдер» (пантеизм, солипсизм, позитивизм өңдңң) пайда болгон. Муну менен катар «Сократтын философиясы», «Декарттын философиясы», «Гегельдин философиясы» деп ажыратабыз. Алар козгогон маселелери, көздөгөн максаттары, урунган «тили» (улуттук тил эмес, тңшңнңктөр, категориялар тизмеги деген мааниде) боюнча айырмаланышат. XX кылымдын философиялык теориялары Орто кылымдардагы окууларга окшош эмес. Демек, философия көп.

Ошол эле мезгилде **философия бир.** Анткени, кандай гана философиялык окуу, көз караш, теория болбосун, алардын башын бириктирип, бңтңндөй тармакка тартып турган орток касиет, белги бар. Философия тарыхтан, физикадан, искусстводон айырмаланып, өзң иликтеп, изилдей турган предметке ээ, башкалар кийлигише албай турган «менчик» маселелери бар, аларды талдап-тңшңндңрө турган өз жолун - ыгын, методдорун тапкан, адам жашоосунда, коом турмушунда белгилңң бир кызматтарды аткарат. Ошондуктан, анын табияты, маңызы бир. Поэзия (Алыкул Осмонов), проза (Чыңгыз Айтматов), илимий изилдөө (Эйнштейн), саясий сөз (Махатма Ганди) же башка бир чыгарманы окусак, уксак, көрсөк, анын мазмунунан философияны «тааный» алабыз, сезебиз, туябыз. Тигил же бул ой-тңшңнңктңн, көз караштын философияга тиешелңң экенин баамдайбыз.

Жердин бетинде адамзаттын илим билңнсң негизги ңч топко бөлңнөт: табият, адамдардын кому, адамдын ой жңгңртңнңсңнө багытталган. Ошондой эле илим ңч тңргө бөлңнөт.

Чындыгында коом деген эмне экендигин талдап билңң – ал коомдо алгачкы, башкы жана аныктоочу нерсе эмне: ал рухий башталышпы же материалдык башталышпы – деген маселени айкындоо болуп саналат. Ушул маселени чечңңгө байланыштуу ар турдңң жана бири-бирине тңздөн-тңз карама-каршы: тарыхты идеалисттик же материалисттик тңшңнңң деген философиялык-тарыхый эки теория пайда болот.

Тарыхый материализм коомду адамдардан өз ара аракеттеринин продуктусу катары так илимий анализге ийкемдңң закондор боюнча жашап жана өнңгңп жаткан продуктусу катары материалисттик жактан талдайт. Тарыхый материализм – коомдун өнңгңшңнңн өтө жалпы закондору жөнңндөгң илим; бул закондор философиянын негизги маселесин материалисттик чечуунун негизинде ачылган. Конкреттңң, башкача айтканда, айрым

коомдук илимдер, эгерде алар коом жөнүндө материалисттик окууну жетекчиликке алышса, алар өздөрүнүн обьектисин изилдөөгө туура киришкен болот. Тарыхый материализм адамзаттын өнүгүшүнүн жалпы закондорун, коомдук турмуштун ар кайсы жактарынын өз ара аракеттерин, белгилүү коомдук мамилелердин системасында адамдардын иш-аракеттерин изилдеп үйрөнгөндүктөн, ал жөн эле «социалдык философия» болуп саналбастан, жалпы социологиялык теория болуп саналат. Тарыхый материализм – ар түрдүү социалдык системалардын аракет кылышынын жана өнүгүшүнүн эң эле жалпы методологиялык проблемаларын изилдөөчү, марксизмдин философиялык-социологиялык теориясы болуп саналат. Бирок бул тарыхый материализмдин жана конкреттүү коомдук илимдердин өз ара мамилесинин бир эле жагы. Экинчи жагы – экономиканын, ар түрдүү өлкөлөрдүн конкреттүү тарыхын жана башкаларды бир кыйла тереңирээк изилдеп-үйрөнүү бүтүн коом жөнүндөгү биздин билимибизди байыткангында турат. Демек, тарыхый материализм конкреттүү коомдук илимдердин маалыматтарына таянат, ошордун негизинде байып жана өнүгөт. Тарыхый материализм, жогоруда биз айткандай, коом жөнүндөгү философиялык илим. Эми анын диалектикалык материализм менен кандайча өз ара катышы бар экендигин аныктоо зарылдыгы келип чыгат.

Диалектикалык материализм – жалпы закондор жөнүндөгү философиялык илим, бул закондорго материянын кыймылынын бардык формалары баш ийет. Материянын кыймылынын бөтөнчө атап айтканда, материянын кыймылынын социалдын формасы. Тарыхый материалиам дегенибиз коомдун өнүгүшүн анализдөөгө колдонулуучу, материянын кыймылынын башкалардан айырмаланган формасына салыштырып караганда конкреттештирилген диалектикалык материализм болуп саналат. Бирок бул айтылгандан: диалектикалык материализм тарыхый материализмден мурда эле болгон турбайбы жана ага көз каранды эмес экен го деп ойлоого болбойт.

Философия 3 мин жылга жакын убакыттан бери жашап келе жатат. Ушул мезгилдин ичинде көп материалисттик школалар жана философиялык системалар алмашылды. Бирок аларда дүйнөнү илимий жактан түшүнүп билүүгө карата мамиле кылуу гана бар болучу. Ырааттуу илимий философияны түзгөн бир дагы ойчул болгон эмес. Бул болсо, баарынан мурда, алардын ар кимиси коомдук турмушту илимий-материалисттик жагынан түшүндүрө албагандыгына байланыштуу болгон. Ал эми тарыхты материалисттик түшүнүү болмоюнча бүт алганда дүйнө жөнүндө туруктуу илимий түшүнүк мүмкүн эмес. Ошондуктан К. Марксе чейин материализм жарым-жартылай, чектелген материализм болучу. К. Маркс гана коомдук турмушту материалисттик жактан түшүндүрүп, ошону менен бирге дүйнөгө, ошондой эле жаратылыш менен коомго да философиялык жактан ырааттуу жана бир бүтүн көз карашты түздү. Мына ошондуктан диалектикалык материализмсиз тарыхый материализм жок жана, тескерисинче, тарыхый материализмсиз диалектикалык материализм жок. Марксизмдин философиясы – диалектикалык жана тарыхый материализм.

Маданиятка, эгерде аны кеңири планда карасак, адам өзү жараткан жашоо-тиричиликтин материалдык да, рухий да каражаттары кирет. Адамдын чыгармачылык эмгегинен жаралган материалдык жана рухий реалдуулук артефакттар бар деп мындайча айтканда жасалма түрдө жаратылгандар деп аталат. Ошентип, артефакттар материалдык же рухий баалуулук болуп эсептелгендиктен алар жаратылыштан, табияттан эмес жаратман катары кабыл алынган адам тарабынан ойлонулуп жаратылган. Арийне, ал баштапкы материал катары табигый объекттерди энергияны же сырьену пайдаланат жана табият мыйзамдарына ылайык аркет кылат.

Кылдатыраак карап көрсөң адамдын өзү да артефакт классына тиешелүү экенин байкайсың. Бир жагынан карасан ал табигый эволюциянын натыйжасында пайда болгон жаратылыштын туундусу, материалдык жандуу организм катары жашайт жана аракет кылат, экинчи жагынан карасаң, ал рухий, социалдык жаныбар, жаратман катары жашайт жана аракет кылат, табият ―өз колу менен өзү‖ жарата албаган рухий баалуулуктарды алып жүрөт жана керектейт.

Ошентип, адам жалаң жаратылыш эмес, ошондой эле маданияттын да чүрпөсү, жалаң эле биологиялык эмес, ошондой эле социалдык жаны бар организм, ал эми анын табияты жалаң эле материалдык эмес, рухий негизден да турат. Адам маңызына жартылыштын өзүндөй, материалдык, эң оболу биологиялык-физиологиялык сапаттар жана касиеттер гана эмес, ошондой эле көркөм, илимий же техникалык чыгармачылык менен интеллектуалдык эмгек жана маданият аркылуу продукцияланган материалдык эмес рухий жана касиеттер да кирет.

Адам өз жаратылышы боюнча рухий-материалдык жаны бар организм болгондуктан ал материалдык дагы, рухий дагы артефакттарды керектейт. Өзүнүн материалдык керектөөсүн канааттандыруу үчүн ал тамак, кийим, үй жасайт жана керектейт, техника жана материалдарды жаратат, имараттарды, курулуштарды, жолдорду ж.б. курат. Ал эми рухий керектөөлөрүн канааттандырыш үчүн ал көркөм баалуулуктарды, нравалык жана эстетикалык идеалдарды, саясий идеологиялык жана диний идеалдарды, илим менен искусствону жаратат. Ошондуктан адам ишмердиги материалдык дагы, рухий дагы маданияттын бардык каналдары боюнча таралат. Мына ошондуктан адамдын маданияттын өнүгүшүндөгү баштапкы система түзүүчү фактор катары кароо керек. Адам өз тегерегиндеги айлаган буюм-тайымдар дүйнөсүн жана идеялар дүйнөсүн жаратат жана пайдаланат; анын ролу – бул жаратуучунун ролу, ал эми анын маданияттагы орду – бул артефакттардын аалам борборундагы, башкача айтканда маданият борборундагы орду. Адам маданиятты жаратат, аны өзүнө өнүктүрө турган каражат катары калыбына келтирет жана пайдаланат. Ал ошол адамзаттын ―жасалма жол менен жасалган‖ турак үйү, ―экинчи жаратылышы‖, дүйнө маданияты деп аталган жаратылыш дүйнөсүнүн архитектору, куруучусу жана жашоочусу. Бул адамга чейин Жер планетасында болбогон ошол реалдуулуктар дүйнөсү, адам менен бирге пайда болуп жашаган жана өнүккөн реалдуулук. Адамзаттын жашоосу түгөнбөсө, ал да түгөнбөйт.

Адам чыгармачыл, жаратман жана активдүү аракет кылган тирүү жан катары тынбай тиричилик кылып турганда маданият баалуулуктардын жандуу системасы катары, жандуу организми катары жашоосун токтотпойт. Адам баалуулуктар агымын маданият каналдары боюнча багытка салат, адам аларды алмаштырат жана бөлүштүрөт, ал маданияттын материалдык да, рухий да продукталарын керектейт, продукташтырат жана сактайт. Ушул жумуштарды ишке ашыруу менен ал өзү да маданият субъектиси катары, социалдык жандуу организм катары жаратат. Образдуураак кылып айтсак, адам- маданий өнүгүштүн башталмасы жана натыйжасы, анын иштешинин максаты жана каражаты, анын идеасы жана ишке ашырылышы. Адамдын объективдүү бүтүндүгү анын ишмердигин бүтүндүгүн көздөйт. Кийин ал маданияттын бүтүндүгүн жана системдүүлүгүн үч негизги багытта типтештирет: генезисине, структурасына жана аткарган кызматына карай.

Маданияттын генезиси жана өнүгүшү өткөндүн баалуулуктарын өздөштүргөн жана сактаган, аларды бүгүнкү күндө трансформацияланган жана байыткан, анан аларды

келечектеги маданият ҥчҥн баштапкы материал катары бере турган бҥтҥндөй бир процесс катары жҥрөт.

Структуралык бҥтҥндҥк маданий баалуулуктардын иерархиялык катышынан, алардын бири борбордук фундаменталдык орунду, экинчилери – экинчи даражадагы, туунду сымал орунду ээлейт, айрымдары жалпы жана тоталдык мааниге ээ, дагы бирөөлөрҥ локалдык же конкреттҥҥ орунда турат.

Маданияттын бҥтҥндҥгҥ эң оболу табияттын бҥтҥндҥгҥнө пайдубал катары таянарын өзгөчө белгилеп кетҥҥ керек.

Табяттын бҥтҥндҥгҥнө адамзаттын Жер планетасында өмҥр сҥрҥҥсҥнҥн объективдҥҥ жана табигый шарттарынын системасы катары оболу биосферасынын бҥтҥндҥгҥ кирет, ал климаттык жана географиялык шарттардын бҥтҥндҥгҥнө таянат, алар болсо геологиялык өбөлгөлөргө негизделет. Эгерде анализди ушинтип уланта берсек, ал жҥрҥп отуруп планетардык жана тээ космикалык бҥтҥндҥккө алып келет.

Бирок адамдын өзҥ кҥн сайын кҥндөлҥк турмушунда көрҥп-билип жҥргөн маданияттын бҥтҥндҥгҥ- бул адам өмҥрҥнҥн материалдык жана рухий бҥтҥндҥгҥ, ал өз өмҥрҥндөгҥ кҥн сайын пайдаланып урунган ошол материалдык жана рухий каражаттардын баарысынын бҥтҥндҥгҥ, мындайча айтканда бҥл материалдык жана рухий маданияттын бҥтҥндҥгҥ болуп эсептелинет.

Материалдык маданият тикеден-тике жана тҥздөн тҥз адам жашоо ҥчҥн материалдык каражаттарды, материалдык продуктуларды, материалдык предметтерди жаратуу маалында баштапкы материал же сырьѐ катары пайдаланган энергия менен маалыматтардын, ошол ар тҥрдҥҥ формадагы нерселердин, жаратылыш объектилеринин сапаты жана касиети менен шартталат. Материалдык маданиятка типтери жана формалары боюнча ар тҥрдҥҥ артефакттар кирет. Ошол жартылыш объектиси жана анын материалы трансформациялануунун натыйжасында буга, мындайча айтканда предметке айланат, адамдын чыгармачылык жөндөмдҥҥлҥгҥнҥн натыйжасында анын ―homo sapiens‖ катары керектөөсҥн тагыраак же толугураак канааттандырган ошол предметтин касиеттери жана мҥнөздөмөлөрҥ келиштирилип, продукцияланат, демек ал, маданий максатка арналып, цивилдҥҥ ролго ээ болот. Материалдык маданият, сөздҥн башка маанисинде айтсак,- бул адамдын буюмга айланган ―мени‖; бул буюм формасына чөгөрҥлҥп берилген адамдын руху; бул буюм аркылуу берилген адамдын жаңы, адамзаттын материалдаштырылган, предметтештирилген духу.

Материалдык маданитяка эң оболу ар тҥрдҥҥ материалдык өндҥрҥш каражаттары кирет. Бул – органикалык же органикалык эмес заттардан тҥрган энергетикалык жана сырьѐлук ресурстар, материалдык өндҥрҥш технологияларынын геологиялык, гидрологиялык же атмосфералык тҥзҥҥчҥлөрҥ. Бул - жөнөкөй курал формасынан тартып, татаал машиналык комплекске чейинки эмгек куралдары. Бул ар тҥрдҥҥ керектөө каражаттары жана материалдык өндҥрҥш продуктулары. Бул адамдын материалдык, предметтик, практикалык ишмердигинин ар кандай тҥрлөрҥ. Бул адамдын алмаштыруу тармагындагы материалдык-предметтик мамилелери, мындайча айтканда өндҥрҥштҥк мамилелери. Анткени менен адамзаттын материалдык маданияты иштеп жаткан материалдык өндҥрҥшкө караганда алда канча кеңири экенин белгилеп кетҥҥ керек. Буга материалдык баалуулуктардын баардык тҥрҥ кирет: архитектуралык баалуулуктар, имараттар, курулуштар, транспорт жана коммуникация каражатары, парктар жан жабдуусу бар ландшафтар.

Мындан тышкары матариалдык маданият материалдык баалуулуктардын, эстеликтердин, археологиялык объектилердин, жабдуусу бар табигый эстеликтерди ж.б. өзгнө сактайт. Демек, маданияттын материалдык баалуулуктарынын көлөмг материалдык өндгрнштгн көлөмгнөн кеңири, ошондон улам жалпы материалдык маданият менен материалдык өндгрнштгн ортосунда теңдештик жок. Мындан тышкары материалдык өндгрнштг өз алдынча маданият таануунун терминдеринде мгнөздөсө болот, башкача айтканда материалдык өндгрнштгн маданияты жөнгндө, анын өркгндөтнгчг даражасы жөнгндө, рационалдуулугу жана цивилдгнлнгг жөнгндө, аны ишке ашырган ошол формалардын жана ыктардын экологиялуулугу, эстетикалуулугу жөнгндө, ошондо курулган бөлнштнгрнг мамилелеринин нравалуулугу жана акыйкаттуулугу жөнгндө айтуу жолу аркылуу өндгрнш технологияларынын маданияты жөнгндө, башкаруу маданияты жана аны уюштуруу жөнгндө, эмгек шарттарынын маданияты жөнгндө, алмаштыруу жана бөлнштнгрнг сыяктуулар жөнгндө ушундай мааниде гана айтышат.

Демек, маданият таануу мамилеси жагынан алып караганда материалдык өндгрнш эң оболу гуманитардык же гуманисттик өркгндөө көз карашында изилденет, ошондой эле мезгилде материалдык өндгрнш экономикалык көз караш катары, мындайча айтканда анын эффективдгнлнгг, ПАКтын (КПД) чөндгг, өздгк наркы, кирешелгнлнгг ж.б. технократтык көз караштан изилденет.

Маданият таанууда материалдык маданият жалпысынан, материалдык өндгрнш өзгөчө адамдын аң сезимдгг тирнг жан катары маңызын, анын чыгармачылык потенциалы, өзгндөгг ―менди‖ өстнрнг нчнн, жашоо тиричилигин өркгндөтнг нчнн өзг жараткан каражаттар жана шарттар чегиндеги көз караш менен маданияттын субъектиси катары адамдын жөндөмдгнлнггн ишке ашыруу мгмкгнчнлнггн өстнрнг жана кеңейтнг көз карашы менен бааланат. Ушул мааниден алганда материалдык маданияттын эволюциясынын ар кайсы этаптарында да ошондой эле материалдык өндгрнштгн конкреттгг тарыхый-коомдук ыкмаларында да дгйнөнг жана өзгнгн керт башын жакшыртууга умтулган адамдын ойлорун жана чыгармачылык идеяларын ишке ашыруу нчнн өркгндөө деңгээли боюнча ар кандай каражаттар жана ар кандай шарттар тнзнлөрн тгшнгнгктнг.

Материалдык-техникалык мгмкгнчнлнгктөр менен адамдын кайра өзгөртнп тнзгнчг ойлорунун ортосунда дайыма эле гармониялуу мамиле болбой турганы тарыхтан белгилнг, бирок ошого объективдгг мгмкгнчнлнгк тнзнлсө, анда маданият оптималдуу жана ар тарабы топ келген формада өнгөт. Эгерде гармония жок болсо – маданият туруктуу болбой, ар тарабы төп келишпей же интерциялуулуктун жана консервативдгнлнгктнн, же куру кыялдуулуктун жана революциячылдыктын азабын тартат.

**Колдонулган адабияттар:**

Философия илимдеринин доктору, профессор Жумагулов Мааметайыптын жаряланган илимий эмгектеринин тизмеси.

1. Жалпы байланыш жана универсалдуу өз ара аракеттенннг, алардын катышы Табият таануу илиминде табигый жана жасалма билими.-Ф., Илим, 1991 1,5
2. "Байланыш" тнгшгнгг-Б.: Илим, 1991 11,3
3. Адам менен жаратылыш чөйрөснгнгн өз ара аракети: диалектикалык логикалык талдоо - Б., Илим, 1996 6.0
4. Философия курсу боюнча программа (окуу-методикалык колдонуу) 1997 2Б,
5. Философиялык анализдин объектиси катары экологиялык кырдаалы. Б.: Илим, 2001. 6,0

6. Философия. Окуу методикалык колдонмо-Б., 2001 5,0
7. Философия: энциклопедиялык окуу куралы-Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004 26,5 Автордук коллектив
8. Элдик мурастын философиясы - Б., 2004 22,0 Автордук коллектив.
9. Эпостемологиялык өлчөмдөгӊ экологиялык ой жнгӊртнӊ - б.: ж, 2005 8,5
10. Коомдун ишинин контекстинде экологиялык этика табияты. - 2006. 4.5 Биргелешип жазуу Б.,
11. Кыргыздардын космизм идеясы. - Б., 2013 12,0 О. А. Тогусаков, Р. Д. Сыдыкбеков тарабынан
12. Токтогул энциклопедиясы / / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. - Б.," Турар", 2014.-472 б. Авторлор-тузуучулор
13. Кыргыздардын маданиятындагы экологиялык баалуулуктар. - Б., 2015 - 182с. 11, 45
14. Н.Абдрешов «Философия» дисциплинасы боюнча окуу-методикалык комплекс бардык адистиктердин сырттан жана сырттан окуу бакалаврлары ӊчӊн. -Б.,2015-192с 12,0
15. Кыргыздардын каада-салттарынын онтологиясы - Б, -2016.-1925 11,9 Тогусаков О. А., Асанов Ж. К.
16. Маданият таануу. Окуу куралы-Б., 2017 15,0 Садыкова Г. Э.
17. Калманбет М. М. Ыймандууктун табияты. -Б., 2017 13,5
18. Акматов Н. С. Кыргыз элинин экологиясы каада-салттар-улуттук идеянын кыргыз философиясынын идеясы. (коллектив монография)- б., 2017-А.323-356 «Манастагы» экофилософиясы -Б., 2017 7.5
19. Онтология экологической этики –Б., 2010 154с.
20. Понятие «Связь» -Б., 1991 178с.